Мышык менен Күчүк.
Күчүк түнү бою үшүп чыкты

Авторлор жана сүрөтчүлөр: Элке жана Рене Лейсинк

Которгон жана адаптациялаган: Асылгүл Токторбаева

Мышык менен Күчүк. Күчүк түнү бою үшүп чыкты

Авторлор жана сүрөтчүлөр: Элке жана Рене Лейсинк
Которгон жана адаптациялаган: Асылгүл Токторбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution-NonCommercial-ShareAlike 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно албайсыз. Бул чыгарманы адаптациялап жана толуктоолорду киргизсеңиз болот, бирок өзүңүздүн вариантты ушул же ушул сыяктуу лицензия боюнча гана тарката аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

-8- Cat and Dog: Dog is Cold, Copyright © 2020, SIL-PNG түп нусканын негизинде. CC BY-NC-SA 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. "Мышык жана Күчүк: Күчүк түнү бою үшүп чыкты" (кыргыз тилинде) Асылгүл Токторбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. Cat and Dog: Dog is cold (англисче) чыгарманын негизинде, автору жана сүрөтчүсү Eslie and Rene Leisink. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://oer2go.org/mods/en-catdogbooks/EN/07Cat&Dogdogiscold.pdf

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бул Мышык. А бул Күчүк.

Түн. Караңгы. Суук болуп жатат. Абдан суук.

Күчүк катуу
үшүй баштады.

Мышык Күчүккө эки майка берди. Анын бири кир, бири таза.

Күчүк таза майканы алып кийди. Күчүк дагы эле үшүп жатты.

Мышык Күчүккө эки көйнөк берди. Анын бири чоң, бири кичине.

Күчүк чоң көйнөктү алып кийди. Күчүк дагы эле үшүп жатты.

Мышык Күчүккө эки шым берди. Анын бири узун, бири кыска.

Күчүк кыска шымды алып кийди. Күчүк дагы эле үшүп жатты.

Мышык эми эки чыптама берди. Бири суу, бири кургак. Кургагын кийди.

Үшүгөнү басылган жок.

Мышык Күчүккө эки чапан берди. Анын бири калың, бири жука. Күчүк калың чапанды алып кийди.

Күчүк дагы эле үшүп жатты.

Мышык Күчүккө эки баш кийим берди. Анын биринин төбөсү бийик, бириники жапыз. Бийигин кийди. Ал дагы эле үшүй берди.



Мышык Күчүккө эки жуп бут кийим берди. Анын бири жаңы, бири эски.



Күчүк жаңы бут кийимди алып кийди да....
Үшүбөй калды!

Ай батты.
Таң атты.
Күн чыкты.

Күн тийди.
Жылуу. Абдан жылуу.
Эми, Күчүк ысый баштады.

Көрүшкөнчө, камкор Мышык!

Көрүшкөнчө, үшүкчөөл Күчүк!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Авторлор жана сүрөтчүлөр: Элке жана Рене Лейсинк
Которгон жана адаптациялаган: Асылгүл Токторбаева

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли